Дүйнө убактылуу ырахаттардан турат. Дүйнө ырахатынын эң жакшысы саалиха аял

Абдуллах бин Амр (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Дүйнө убактылуу ырахаттардан турат. Дүйнө ырахатынын эң жакшысы саалиха аял".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул дүйнө андагы нерселер убактылуу пайдаланылып, анан жок болуп кете тургандыгын айткан. Ошол пайдалана турган нерселердин эң абзели салиха аял: күйөөсү анын жүзүнө караса кубантат, бир нерсеге буйруса баш ийет, күйөөсү жокто анын мал-мүлкүн жана өзүнүн абийирин таза сактайт.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5794